***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

## *Баткен-2022*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2022-жылдын январь айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2022-жылдын 11-февралы

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………….*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор…………………………………………………………..*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор…………………………………………………………….*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы……………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 8 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш…………………………………………….. | 9 |
| | Тейлөө рыногу………………………………………………………….. | 9 |
| | Керектөө рыногу………………………………………………………... | 9 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...………………………………… | 10 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 11 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 11 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор……………..…………………..………………...*** | ***11*** |
| | Финансы………………………………………………………………… | 11 |
| ***V*** | ***Тышкы сектор……………………………………………………………...*** | 12 |
| | Импорт………………………………………………………………….. | 12 |
| | Экспорт…………………………………………………………………. | 12 |
| ***VI*** | ***Социалдык сектор………………………………………………………..*** | 12 |
| | Турак жай курулушу…………………………………………………... | 12 |
| | Демографиялык жагдай……………………………………………… | 12 |
| | Калктын оорулары......................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар................................................................................ | 13 |
| | ***Тиркеме………………………………………………………………….*** | ***14*** |

## *ОБЛУСТУН 2022- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ АЙЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2022-жылдын январь айында 386981,2 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 226,8 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2022-жылдын январь айында 782,8 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 99,9 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь айында 46866,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 98,4 пайызга аз болду.

2022-жылдын январь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 3611,0 чарчы метр болгон 31 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь айынын денгээлине салыштырмалуу 111,0 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 42723,1 мин сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь айында 103,0 миң тонна жүк ташылып, 2021-жылдын январь айына салыштырмалуу 100,2 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 21265,0 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,8 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь айында 1431774,4 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь айынын денгээлинен 8,5 пайызга төмөндөгөн.

2022-жылдын январь айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 1213971,5 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2021-жылдын январь айынын деңгээлинен 2,6 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь айында 217802,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,8 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь айын өткөн жылдын январь айына салыштырганда 110,5 пайызды, ал эми 2022-жылдын январь айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 100,9 пайызды түздү.

Облус боюнча 2021-жылдын январь-декабрь айларында бир айлык орточо эмгек акы 14671,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,2 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь айында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу өткүр респиративдүү оорулар, котур, жаныбарлардын тиштеп алуусу өскөндүгү байкалды ал эми бактериялуу минингит, вирустуу гепатит, аскаридоз, ичегинин өткүр инфекциясынын оорулары төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2022 ж. январь айында | 2022ж январь айы 2021ж январь айына карата пайыз менен | 2022-жылдын январь айы 2021-жылдын январь айына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 386981,2 | 226,8 | 226,8 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 782,8 | 99,9 | 99,9 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 46866,7 | - | 98,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 3611 | - | 111,0 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 103,0 | 100,2 | 100,2 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 21265,0 | 100,8 | 100,8 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 1431774,4 | 91,5 | 91,5 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 1213971,5 | 102,6 | 102,6 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 217802,9 | 100,8 | 100,8 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 14671,2[1)] | 104.7[2)] | 107,2[3)] |

[1)] ***2021ж. январь-декабрь***
[2)] ***2021ж. декабрь***
[3)] ***2021ж. январь-декабрь***

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2022-жылдын январь айында 386981,2 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 226,8 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 134682,3 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 34,8 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 147331,8 миң сомду же 38,1 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 94371,7 миң сомду же 24,4 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 10595,4 миң сомду же 2,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь айында 147331,8 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 121,4 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь айында 61965,3 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 126,3 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 17604,0 тоннага, Лейлек району 66,0 тоннага көп, ал эми Сүлүктү шаары 4712,5 тоннага, Баткен району 69,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 134682,3 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 389,0 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 47420,5 миң сомду (көлөмдүн 35,2 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 55243,8 миң сомду (көлөмдүн 41,0 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 2370,0 миң сомду (көлөмдүн 1,8 пайызын), химия өндүрүшү 5382,0 миң сомду (көлөмдүн 4,0 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 12577,9 миң сомду (көлөмдүн 9,3 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 2480,3 миң сомду (1,8 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 9207,8 миң сомду (6,8 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 98,8 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 6,7 пайызга, жаңы бышкан нан 1,3 пайызга, таш көмүр өндүрүү 26,3 пайызга, тазартылган күрүч 1,6 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 204,5 эсеге, эт азыктары 7,7 пайызга, балмуздак 20,0 пайызга, кондитердик азыктар 2,0 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 13,9 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 28,6 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 13,8 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 0,3 пайызга өскөн. Ал эми сымап өндүрүү 80,2 пайызга, иштетилбеген мунайзат 18,2 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 28,9 пайызга төмөндөгөн.

*2020-жылдын январь айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 55243,8 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 76,4 эсеге, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 5382,0 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 19,8 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь айында 2480,3 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь айына салыштырганда 128,9 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь* айында 94371,7 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 113,9 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 10595,4 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 99,5 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2022-жылдын январь айында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 782,8 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 99,9 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь айында 2325,9 тонна эт, 4901,8 тонна сүт, 551,6 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,1 пайызга, сүт өндүрүү 0,6 пайызга аз өндүрүлгөн. Ал эми жумуртка өндүрүү 3,7 пайызга жогорулаган.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү, Лейлек районунда 0,3, Баткен шаарында 0,9, Кызыл-Кыя шаарында 27,5, Сүлүктү шаарында 2,3 пайызга өсүү болгон. Баткен районунда 5,5 пайызга азайган. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Лейлек районунда 0,5, Кызыл-Кыя шаарында 25,7 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 7,4 жана Сүлүктү шаарында 8,0 пайызга аз өндүрүлгөн. Кадамжай районунда жана Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 1,2, Лейлек району 0,9, Кызыл-Кыя шаарын 31,3 Сүлүктү шаары 4,4 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Кадамжай району жана Баткен шаары өткөн жылдын деңгээлинде калган.

2021-жылдын аягына карата жүргүзүлгөн мал жана үй канаттууларын саноонун жыйынтыгы менен өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу облус боюнча ири мүйүздүү малдардын саны 154006 башты түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 0,4 пайызга, үй канаттуулары 304603 башты түзүп 3,2 пайызга, чочколор 26 башты түзүп 13,0 пайызга көбөйгөн. Ал эми кой-эчкилер 483048 башты түзүп 2,9 пайызга, жылкылар 7139 башты түзүп 0,9 пайызга азайган.

***Капиталдык салым.*** 2022-жылдын январь айында 46866,7 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2021-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 98,4 пайызды түздү. Капиталдык салымдар Баткен шаарында 2,9 эсеге, Лейлек районунда 12 пайызга Баткен районунда 10,5 эсеге өскөн, ал эми Кызыл-Кыя шаарында 57,5 пайызга төмөндөдү. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары, республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 98,2 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)



***Транспорт жана байланыш.*** 2022-жылдын январь айында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 103,0 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 100,2 пайызды түздү.

2022-жылдын январь айында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 892,4 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 21265,0 миң жүргүнчү-км түздү (2021-жылдын январь айына салыштырмалуу 100,8 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2022-жылдын январь айында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) *тарабынан* көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь айында 1431774,4 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь айына салыштырмалуу 8.5 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 1405824.7 миң сом болуп 9,7 пайызга төмөндөгөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь айында 1124629,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,3 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 604802,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 1,6 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,8 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь айында 1213971,5 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,6 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь айында 2750,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,5 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь айында 486360,4 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 24,6 пайызга төмөндөгөн.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (79,2 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь айында 961372,8 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 1,5 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь айында 217802,9 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 0,8 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2022-жылдын 1-февралына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13691 адамды түздү, анын ичинен 9947 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 65 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2022-жылдын 1-февралына карата 181 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 76 адам туура келди.

Облус боюнча 2021-жылдын декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 17801,4 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,7 пайызга өскөн. 2021-жылдын январь-декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 14671,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,2 пайызга өскөн.

Эмгек акы декабрь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоо кен казуу өнөр жайы, курулуш, транспорт ишмердиги, маалымат жана байланыш, мамлекеттик башкаруу жана коргоо, социалдык камсыздоо, кыймылсыз мүлк операциялары, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, билим берүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2021-жылдын декабрь айында 209,9 долларды түздү.

2022-жылдын 1-январына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 46759,9 миң сом болду. Эмгек акыны төлөө карызынын 91,6 пайызын Кадамжай району, 8,4 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 125,0 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 121,7 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 129,6 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2022- жылдын январь айында өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 98,3 пайызды түздү. Ал эми 2022-жылдын январь айлары өткөн жылдын январь айларына салыштырмалуу 101,7 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь айын өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 110,5 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын январь айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 100,9 пайызды түздү.

Ушул жылдын январь айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу жогорку сорт ун 4,6 пайызга, 1-сорт ун 0,5 пайызга, нан 0,9 пайызга, макарон азыктары 1,2 пайызга, жумуртка 1,5 пайызга, күн карама майы 0,2 пайызга кымбатаган. Ал эми уйдун эти, койдун эти, сүт өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 104,6 | 100,5 | 100,9 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,5 | 100,2 |

Жашылча-жемиштердин баалары өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу картошка 2,6 пайызга, сабиз 5,9 пайызга, алма 21,5 пайызга кымбаттаган. Ал эми кургатылган өрүк 2,0 пайызга төмөндөп, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 102,6 | 105,9 | 121,5 | 98,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын январь айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,4 пайызга кымбатаган. Ал эми турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,8 пайызга, катуу отун 4,5 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,3 пайызга, бензин 0,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,4 пайызга төмөндөгөн, фармацевтикалык продукциялар, суу менен камсыз кылуу, газеталар жана мезгилдүү басылмалар, кийимдер, кийим тигүү үчүн материалдар, бут кийимдер өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2022ж. январы 2021ж. январына карата | 2022ж январы 2021ж декабрына карата |
|---|---|---|
| Кийим | 105,2 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,7 | 100,0 |
| Бут кийим | 117,6 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 116,2 | 98,2 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 106,9 | 95,5 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 166,2 | 99,7 |
| Бензин | 167,6 | 99,7 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 104,0 | 100,4 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 113,2 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 108,8 | 99,6 |

Өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда үстүбүздөгү жылдын январь айында бардык тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2022ж. январы 2021ж. январына карата | 2022ж январы 2021ж декабрына карата |
|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 103,5 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 106,7 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 107,1 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 121,8 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2021-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1196,7 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 114,5 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1718,9 млн. сомду түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 37,6 пайызга, ал эми чыгашалар 10,4 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2021-жылдын январь-декабрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2021-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 672,0 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 13,5 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 20,5 пайызга, бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 52,1 пайызга, киреше жана пайда салыгы 27,2 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 28,5 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 0,4 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 0,4 пайызга жана жер салыгы 0,6 пайызга өскөн. Ал эми товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 73,9 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин көбөйгөнү байкалды. Алсак 2020-жылдын январь-декабрь айларында жалпы кирешенин 15,9 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2021-жылдын январь-декабрь айларында 18,1 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 48,4 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 25,7 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 7,2 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2021-жылдын январь-декабрь айларында 866,7 млн. сомду түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 13,4 пайызга көбөйгөн. Чыгашалардын 40,6 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 45,2 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 28,2 пайызы билим берүү тармагына (244,3 млн. сом) жумшалган.

### *Тышкы сектор*

2021-жылдын январь-декабрь айларында Баткен облусу дүйнөнүн 23 мамлекети менен тышкы соода байланышында болду. Анын ичинде: 6 КМШ өлкөлөрү, 17 КМШдан тышкары өлкөлөр. Облустун тышкы соода жүгүртүүсү 2021-жылдын январь-декабрында 55878,3 миң АКШ долларын түзүп, 2020-жылдын тийштүү мезгилине салыштырмалуу 25,4 пайызга көбөйгөн. Соода balансасынын сальдосу оң болуп 11303,0 миң АКШ долларына барабар болду.

***Экспорт.*** 2021-жылдын январь-декабрь айларында экспорттун көлөмү 23526,9 миң АКШ долларын түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 19,7 пайызга көбөйгөн. Экспорттук товарлардын негизги керектөөчүлөрү КМШ өлкөлөрү менен Азия мамлекеттери болуп, алардын экспорттогу жалпы көлөмдөрү 95,2 жана 4,1 пайызга барабар болду. Облустун продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп, КМШ өлкөлөрүнөн Өзбекстан (экспорттун жалпы көлөмүнөн (74,7 пайызы), Россия (12,9 пайызы), Тажикстан (5,5 пайызы) жана Казахстан (1,6 пайызы) мамлекеттери эсептелет. КМШдан тышкары Азия мамлекеттерине 4,1 пайызы экспорттолду. Азия мамлекеттеринен ОАЭ өлкөлөрүнө (1,5 пайызын), Турция мамлекетине (1,7 пайызын түзөт ) экспорт жүргүзүлдү.

Жалпы экспорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү 3414,4 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Казакстан 381,0 миң жана Россия 3033,4 миң АКШ долларын түзөт.

***Импорт.*** 2021-жылдын январь-декабрь айларында импорттун көлөмү 32351,4 миң АКШ долларын түзүп, 2020-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 29,8 пайызга көбөйгөн. Ал эми импорттун салмагы КМШ өлкөлөрүнөн 81,7 пайызга, Азия мамлекеттеринен 16,7 пайызга жана Европа мамлекеттеринен 1,2 пайызга барабар болду. КМШ өлкөлөрүнүн импортунун негизги көлөмүн алып келүүчүлөр болуп Өзбекстан (импорттун жалпы көлөмүнүн 69,3 пайызын), Россия (10,0 пайызын), КМШдан тышкары Иран (жалпы импорттун 8,3 пайызын) жана Турция (жалпы импорттун 3,6 пайызын) мамлекеттеринен келген товарлар түзгөн.

Жалпы импорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө импорттун көлөмү 3551,0 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Россия 3224,8 миң АКШ долларын түзөт.

### Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2022-жылдын январь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 3611,0 чарчы метр болгон 31 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь айынын деңгээлине салыштырмалуу 111,0 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 42723,1 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2021-жылдын январь-декабрь айларында Баткен облусу боюнча 13911 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 233 балага азайган), же калктын 1000 не 25,1 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 2676 адам өлгөн (2020-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 205 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,8 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 11235 адамды, же 1000 кишиге 20,3 түздү.

2021-жылдын январь-декабрь айларында 190 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 13,7 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 18ге азайган.




***Калктын оорулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы жана бактериалуу минингит менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериялуу дизентерия менен 1 оорулуу катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 87 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 43,5 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 37 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 48,6 пайызга төмөндөгөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 3 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,0 эсеге, эпидемиялык паротит менен 4 оорулуу катталып 4,0 эсеге өскөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 3 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,0 эсеге өскөн, жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 63 учур катталып, өткөн жылдын деңгээлинен 28,6 пайызга өскөн. Ал эми аскаридоз менен 67 учур катталып 26,4 пайызга төмөндөгөн. Эхинококкоз оорусу менен ооругандар катталган жок.

*Паразитардык оорулардан* ВИЧ инфекциясы жана сифилис ооруусу менен ооругандар катталган жок, котур ооруусу 11 учур катталып 11,0 эсеге өскөн, ал эми педикулез менен 1 учур жана гонорея менен 3 учур катталган.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 2133 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,2 эсеге өскөн, кургак учук менен ооруган 21 адам катталып 5,0 пайызга өскөн.

***Укук бузуулар.*** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2021-жылдын январь-декабрь айларында облус боюнча 1153 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,4 пайызга же 90 кылмышка көбөйгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 14, зордуктоо 10, ээнбаштык 56, уурулук 222, алдамчылык 112, тоноочулук 27, опузалап талап кылуу боюнча 6, бангизаттарга байланыштуу 45, кызматтык кылмыштар 139, экономика тармагында 14 кылмыш, 26 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2021-жылдын январь-декабрь айларында 1461 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 45 адамга көбөйгөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-187, иштегендер-16, ишкерлер-12, мектеп окуучулары-38, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары-22, эч жерде иштебеген жана окубагандар-934 түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................…………............ | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............ | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………….......... | 18 |
| 7 | Аймактагы малдардын жана үй канаттууларынын саны. 2022-жылдын 1-январына карата........................... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………………………….. | 20 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................. | 22 |
| 11 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча………………………………………………… | 22 |
| 12 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши...........................................................……...... | 22 |
| | Транспорт | |
| 13 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………. | 23 |
| 14 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 23 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 15 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 24 |
| | Керектөө рыногу | |
| 16 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………....... | 24 |
| 17 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…………………………………………………… | 25 |
| 18 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………………. | 25 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 26 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча).................................................................................................. | 27 |
| 22 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 27 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча)…………………………………………………………………………. | 28 |
| 24 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 28 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 28 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 26 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 29 |
| 27 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары декабрь............. | 30 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-декабрь | 30 |
| 29 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………….. | 31 |
| 30 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны……………………………………………………… | 31 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 31 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 32 |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 32 |
| 33 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 33 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 33 |
| | Тышкы сектор | |
| 35 | Товарлардын тышкы соода көлөмү....................................................................................................... | 34 |
| 36 | Континенттер жана өлкөлөр боюнча экспорттун жана импорттун бөлүнүшү................................................ | 34 |
| | Социалдык сектор | |
| 37 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү…………………..……………………………….. | 35 |
| 38 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы………………………………………… | 35 |
| 39 | Жаш балдардын өлүмү……………………………………………………………………………………… | 35 |
| 40 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы……. …..………………………………………. | 35 |
| 41 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……………………………………………………… | 36 |
| 42 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………...…………………………………………… | 36 |
| 43 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………… | 36 |
| 44 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………….. | 37 |
| 45 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар…………………………………………………. | 37 |
| 46 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………. | 37 |

## *Реалдык сектор*

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь

( миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***305274,9*** | ***386981,2*** | ***226,8*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***114685,8*** | ***147331,8*** | ***121,4*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 78703,6 | 100687,0 | 126,3 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 35719,0 | 46536,2 | 81,8 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 263,2 | 108,6 | 41,8 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***86574,3*** | ***134682,3*** | ***389,0*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 54236,5 | 47420,5 | 98,8 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 54236,5 | 47420,5 | 98,8 |
| -тамеки өндүрүү | - | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 2472,9 | 55243,8 | 76,4 эсе |
| -текстил өндүрүшү | 436,3 | 52815,1 | 102,3 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 2000,9 | 2391,8 | 100,0 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 35,7 | 36,9 | 100,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 2274,2 | 2370,0 | 104,3 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 2199,2 | 2292,5 | 104,3 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 75,0 | 77,5 | 109,4 |
| 4. Химия өндүрүшү | 4657,5 | 5382,0 | 19,8 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 10884,8 | 12577,9 | 140,6 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 3142,4 | 2480,3 | 128,9 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | | | |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 8906,0 | 9207,8 | 103,8 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***96190,7*** | ***94371,7*** | ***113,9*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***7824,1*** | ***10595,4*** | ***99,5*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү

январь (миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***305274,9*** | ***386981,2*** | ***226,8*** | ***226,8*** |
| Электр энергиясыз | 209084,2 | 292609,5 | 256,5 | 256,5 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 12929,9 | 4565,2 | 85,7 | 85,7 |
| Кадамжай | 60521,0 | 98717,3 | 137,7 | 137,7 |
| Лейлек | 60414,8 | 48431,6 | 92,0 | 92,0 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 101358,4 | 100441,5 | 113,0 | 113,0 |
| Электр энергиясыз | 5167,7 | 6069,8 | 106,2 | 106,2 |
| Кызыл-Кыя | 23846,7 | 78041,2 | 832,5 | 832,5 |
| Сүлүктү | 58187,3 | 44801,2 | 82,8 | 82,8 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2021 | 2022 | 2022ж. январь-айы 2021ж. январь айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь | | |
| Таш көмүр | тонна | 49076,8 | 61965,3 | 126,3 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Бут кийим | жуп | 94 | 94 | 100,0 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 67,7 | 72,9 | 107,7 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 601,2 | 603,3 | 100,3 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 9,4 | 10,7 | 113,8 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 721,7 | 731,3 | 101,3 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 7056,0 | 7529,8 | 106,7 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | |
| Сымап | % | - | - | 19,8 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 300,0 | 385,9 | 128,6 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 102,3 | 103,9 | 101,6 |
| Кондитер азыктары | тонна | 44,4 | 45,3 | 102,0 |
| Килемдер | даана | - | - | - |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | - | - | - |
| Балмуздак | тонна | 0,5 | 0,6 | 120,0 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 972 | 198818 | 204,5 эсе |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 2944,0 | 2092,0 | 71,1 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 1,1 | 0,9 | 81,8 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 34376,3 | 39156,3 | 113,9 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2022-жылдын январы

| | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***49076,8*** | ***61965,3*** | ***126,3*** | ***9,4*** | ***10,7*** | ***113,8*** | ***67,7*** | ***72,9*** | ***107,7*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 905,0 | 836,0 | 92,4 | 3,0 | 3,2 | 106,7 | 5,0 | 5,2 | 104,0 |
| Кадамжай | 23310,0 | 40914,0 | 175,5 | 3,0 | 4,0 | 133,3 | 27,7 | 31,7 | 114,4 |
| Лейлек | 59,0 | 125,0 | 211,9 | 3,4 | 3,5 | 102,9 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 10,0 | 11,0 | 110,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 25,0 | 25,0 | 100,0 |
| Сүлүктү | 24802,8 | 20090,3 | 81,0 | - | - | - | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***721,7*** | ***731,3*** | ***101,3*** | ***601,2*** | ***603,3*** | ***100,3*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 15,0 | 20,0 | 133,3 | 454,2 | 454,3 | 100,0 |
| Кадамжай | 304,8 | 308,7 | 101,3 | 110,0 | 111,8 | 101,6 |
| Лейлек | 75,0 | 76,7 | 102,3 | 37,0 | 37,2 | 100,5 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 45,0 | 47,0 | 104,4 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 231,9 | 228,9 | 98,7 | - | - | - |
| Сүлүктү | 50,0 | 50,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Балмуздак, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***44,4*** | ***45,3*** | ***102,0*** | ***0,5*** | ***0,6*** | ***120,0*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 3,5 | 3,8 | 108,6 | - | - | - |
| Кадамжай | 2,8 | 3,1 | 110,7 | 0,5 | 0,6 | 120,0 |
| Лейлек | 15,7 | 15,7 | 100,0 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 3,0 | 3,3 | 110,0 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 12,4 | 12,4 | 100,0 | - | - | - |
| Сүлүктү | 7,0 | 7,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Тазартылган күрүч, тонна*** | | |
|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***102,3*** | ***103,9*** | ***101,6*** |
| райондор: | | | |
| Баткен | 33,3 | 33,5 | 100,6 |
| Кадамжай | 33,0 | 33,7 | 102,1 |
| Лейлек | 36,0 | 36,7 | 101,9 |
| шаарлар: | | | |
| Баткен | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | - | - | - |
| Сүлүктү | - | - | - |

Таблица 5. Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү
Январь (тонна)

| | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 |
|---|---|---|---|
| Эт (тирүүлөй салмакта) | 2329,2 | 2325,9 | 99,9 |
| Сүт | 4932,8 | 4901,8 | 99,4 |
| Жумуртка, мин даана | 531,8 | 551,6 | 103,7 |
| Жүн | - | - | - |

Таблица 6. Аймактар боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү.
Январь (тонна)

